USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН




# «ОКУУ КЕРЕМЕТ!» ДОЛБООРУ

**USAIDдин «Окуу керемет!» долбоору 1 686 мектепте башталгыч класстарда окуган 300 миң окуучунун китеп окуу жана математика боюнча жетишкендиктерин жогорулатууга багытталган.**

## ДОЛБООРДУН НЕГИЗГИ БАГЫТТАРЫ

Билим берүү жана илим министрлиги менен кызматташтыкта, «Окуу керемет!» долбоору башталгыч класстарда окууну жана математиканы окутуунун сапатын жогорулатуу боюнча иш алып барат. Долбоор мектептерди окуу жана математика боюнча сапаттуу кошумча материалдар менен да камсыз кылат.

## НАТЫЙЖАЛАР ЖАНА ЖЕТИШКЕНДИКТЕР

- 2021-жылы «Окуу керемет!» долбоору Кыргыз билим берүү академиясына башталгыч класстар үчүн окуу жана математика боюнча предметтик стандарттарды кайра карап чыгууда колдоо көрсөттү. Учурда алар Билим берүү министрлиги тарабынан каралып жатат.
- 2021-жылдын декабрь айында 17,5 минден ашуун башталгыч класс мугалимдер жана китепканачылар «Окуу керемет!» долбоору тарабынан уюштурулган окуу сабагын үйрөтүүнүн натыйжалуу усулдары боюнча бир жылдык окутуу курсун аяктады. Окутуу долбоордун алкагында иштелип чыккан атайын модулдардын негизинде жүргүзүлдү. Окууну ийгиликтүү аяктаган **14,7 миң мугалим** мамлекеттик үлгүдөгү сертификат алат.

- Долбоор бул модулдарды Moodle платформасында салттуу жана аралыктан окуу шарттарына ылайыкташтырды. Билим берүү министрлиги зарыл болгон учурда бул платформанын негизинде аралыктан окутууну жүргүзө алат.
- 2022-жылдын январь айында долбоор 14 миң башталгыч класстын мугалимдери үчүн эки жылдык математика боюнча окутуу курсун төрт тилде баштады.
- Окутуунун сапатын жогорулатуу максатында USAID төмөнкү эки тиркемени иштеп чыгууну колдоду. BaalooApp тиркемесин сабак учурунда окуучулардын окуу көндүмдөрүнө баалоо жүргүзүүгө жардам берет. Ал эми SabakApp колдонмосу методисттер сабакка байкоо жүргүзүү аркылуу мугалимдерге насаатчылык колдоо көрсөтүү үчүн колдонулат. Мугалимдерге насаатчылык колдоо көрсөтүү боюнча окуудан 3,5 миңге жакын мектеп администрациясынын өкүлдөрү жана райондук/шаардык билим берүү бөлүмдөрүнүн методисттери өтүштү. Колдонмолор долбоордун бардык мектептерде колдонулуп жатат.
- Долбоор башталгандан бери USAID окуучулардын эне тилинде 775 электрондук китептерди иштеп чыгууга колдоо көрсөттү. Бул китептер учурда Билим берүү министрлигинин жана Bloom Library санарип китепканаларында жеткиликтүү. Буга чейин 1065 мектеп жана 82 коомдук китепканалар жалпы эсеп менен 285 миң нуска басылып чыккан китептерди алышкан.
- Мектептен тышкаркы окууну өнүктүрүү үчүн долбоор ата-энелер жана жергиликтүү коомчулуктар менен да иш алып барат. 2021-жылдын декабрь айында Улуттук адабият күнүнө арналган электрондук китептерди окуу марафонуна 40 миңден ашуун окуучу катышты. Кампаниянын алкагында 126 коомдук китепканачы долбоордун электрондук китептери жана аларды пайдалануу жолдору менен таанышышты.
- Жогорудагы ыкмалардын натыйжалуулугуна байкоо жүргүзүү үчүн, 2021-жылдын жаз айында долбоор 2- жана 4-класстардын окуучуларынын арасында окуу жана математика көндүмдөрүнө баалоо жүргүздү. Баалоонун жыйынтыктары бул предметтерди окутуунун сапатын мындан ары жогорулатууда колдонулат.
- Долбоор гендердик маселелердин окуу процессине жана натыйжаларына тийгизген таасирин жана инклюзивдик билим берүүнүн учурдагы кырдаалын аныктоо үчүн максаттуу мектептердин базасында талдоо жүргүздү. Изилдөөлөрдүн жыйынтыктары долбоордун мындан аркы ишмердүүлүгүн маалымдоо үчүн колдонулат.

**Долбоордун мөөнөтү:** 1 ноябрь, 2019 ж. - 30 октябрь, 2024 ж.

**Бюджети:** $18,9 млн АКШ доллары

**Ишке ашыруучу уюм:** RTI International

**Негизги өнөктөштөр:** КР Билим берүү жана илим министрлиги; КР Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги; Кыргыз билим берүү академиясы; Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институту; Аймактык мугалимдерди окутуу жана кесиптик чеберчилигин жогорулатуу институттары

**Долбоор камтыган аймак:** Кыргыз Республикасы

**USAID байланыш маалыматы:**
Гульжан Толбаева (gtolbaeva@usaid.gov)

**RTI International байланыш маалыматы:**
Лиана Гертч (lgertsch@rti.com)

CARM – бул байланыш каналы, ал аркылуу коомчулуктун бардык мүчөлөрү сын-пикирлерди, сунуштарды, даттануулерды жана тынчсызданууларды коопсуз, конфиденциалдуу, ачык-айкын жана жеткиликтүү түрдө бере алат. Бул, Mercy Corps, таасирденүүгө жана ар-кандай зарыл болгон программалык жана коргоо чараларын өзгөртүүгө, ошондой эле программанын катышуучуларынын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кенейтүүгө жана коопсуздугун, сактыгын камсыздоого мүмкүндүк берет.

**Mercy Corps уюмунун программаларын ишке ашырууда, же биздин алып барган жумуштар боюнча суроолор жана сунуштар менен оозеки же кат түрүндө кайрылсаңыздар болот:**

facebook

**+996 778 889 971**
**mercycorpskyrgyzstan**

WhatsApp

**сунуштар үчүн ящик:**
**Бишкек ш.,**
**проспект Эркиндик, 73**

*Сизден түшкөн баардык маалымат толугу менен корголот жана жарыялануууга тийиш эмес.*

*Анонимдик каттар да каралат, бирок, байланыш тууралуу маалыматсыз, өтүнмө ээсине расмий жооп берилиши мүмкүн эмес.*

MERCY CORPS

www.mercycorps.org

20 сентября 2022 г.
Исх № 355

Г-ну Чотуралиеву И. А.
Директору Основной школы Ири-Суу

Копия: Г-ну Р. Култубаеву,
главе Сры-Коо айыл окмоту

Уведомление

Уважаемый г-н Чотуралиев,

Настоящим письмом, Мерсико уведомляет Вас о том, что по состоянию на 15 сентября 2022 года, из-за отсутствия финансирования, вами еще не начаты ремонтные работы в пищеблоке, необходимые для организации горячего питания в школе. В связи с чем участие в организации горячего питания в основной школе Ири-Суу, с. Ири-Суу переносится во вторую когорту, на 2023-2024 учебный год.

Мерсико благодарит Вас за участие в программе школьного питания и надеется на дальнейшее сотрудничество.

С уважением,

Олена Вурьян
Директор Мерсико в Кыргызстане

73, Erkindik Boulevard, Bishkek 720040, Kyrgyz Republic
Tel.: + (996 312) 98 67 01; Fax: + (996 312) 98 67 04



# КРАТКИЙ ОБЗОР ПРОГРАММЫ

**Международная программа МакГоверна-Доула «Продовольствие для образования и детское питание» 2021-2026 при поддержке Департамента сельского хозяйства США (USDA).**

## Краткий обзор

На протяжении более 25 лет международная некоммерческая организация Мерсико (Mercy Corps) оказывает продовольственную и техническую поддержку образовательным учреждениям в Кыргызской Республике. Начиная с 2012 года, Мерсико выступает в качестве исполнительного партнера программы МакГоверна-Доула «Продовольствие для образования и детское питание», финансируемой Департаментом сельского хозяйства США (USDA).

В рамках этой Программы, за период с 2012 по 2021 год Мерсико поддержала 510 школ и предоставила:

- более 3,000 тонн продовольствия (обогащенная мука, рис, горох, чечевица и растительное масло);
- около 22,5 млн горячих обедов для более 110,000 учеников начальных классов;
- улучшение инфраструктуры и оборудования школьных пищеблоков в 510 школах;
- вклад в книжный фонд школ и библиотек;
- различные тренинги для школьных поваров, администрации, учителей и родителей.